**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№________ Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Аксакалдар сотторунун кеңеши жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу**

"Аксакалдар соттору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомунун 1-тиркемесинин 21-пунктунун 5-пунктчасына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Агенттик) жөнүндө жобого ылайык, буйрук кылам:

1. Аксакалдар сотторунун кеңеши жөнүндө Жобо (мындан ары – Жобо) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Аксакалдар сотторунун кеңештерин түзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ушул Жобону жетекчиликке алуу сунушталсын.
3. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Аксакалдар сотторунун кеңеши жөнүндө Жобону сайттарга жайгаштырууну уюштурууга көмөк көрсөтсүн.
4. Агенттиктин жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмү ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларына жана шаардык кенештерине жиберсин.
5. Агенттиктин финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Агенттиктин веб-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Буйрук кабыл алынган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде Агенттиктин укуктук камсыздоо бөлүмү электрондук версиясын электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтсүн.

7. Агенттиктин 2025-жылдын 15-августундагы № 01-25/298 “Аксакалдар сотторунун кеңеши жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

8. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумушчу күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

9. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Агенттиктин директорунун орун басары Э.Н. Иргебаевге жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Н. Джантаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН